17

**Алыкулова Гүлбү Корошовнанын «Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы (1991-2011-жж.)» деген аталыштагы 07. 00. 02. – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына оппонент, тарых илимдеринин кандидаты, профессор Жоробекова Айнур Эшимбекованын**

**П И К И Р И**

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу жана анын жалпы илимий жана мамлекеттик программалар менен байланышы.**

Алыкулова Гүлбү Корошовнанын «Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы (1991-2011-жж.)»деген диссертациялык изилдөөсүнүн актуалдуулугужана практикалык мааниси талашсыз.

Өлкөнүн экономикасы жана өлкөнүн башка чөйрөлөрү үчүн суроо-талапка ээ кадрларды даярдоого багытталган улуттук жогорку билим берүү системасын натыйжалуу трансформациялоодогу, “санариптештирүүнүн”, “билим экономикасынын” заманбап талаптарын эске алуу менен, глобализациянын трендине жооп берген жогорку билим берүүнү өнүктүрүүдөгү дисциплиналар аралык,инновациялар, дүйнөлүк илимдин чегиндеги илимий темаларга көңүл буруу менен изилдөөнүн жыйынтыгын коммерциялоо тенденциялары- ар бир мамлекеттин, мамлекеттик саясатынын стратегиялык артыкчылыгы болуп эсептелет.

Бирок, белгилүү болгондой, мамлекеттердин ички мүмкүнчүлүктөрү дайыма чектелүү болот, бул биздин өлкө үчүн да **актуалдуу** маселе. Ошондуктан, Кыргызстанда өнүгүүнүн тышкы ресурстарын, анын ичинде, финансылык каражаттар, экспертизаны, жогорку билим берүү тармагына ийгиликтүү эл аралык тажрыйбаларды тарттуу өтө маанилүү болуп саналат. Кыргызстан жогорку билим берүүнүн интернационалдаштыруунун ачык, көп векторлуу саясатын жүргүзөт. Г.К. Алыкулова баса белгилегендей Кыргызстандын өнөктөштөрүнүн арасында, Россия Федерациясы

Док-н. кабыл N. 04-8/17
15/II. 2020-ж.
Д. 07.20.604 диссер. кең. ОК. Корочева А.

ЖАЛПЫ БӨЛҮМ ОБЩИЙ ОТДЕЛ

Кыргызстандын негизги стратегиялык өнөктөшү болуп кала берет. Бул Кыргызстандын тышкы байланыштарынын комплекстерин жана жогорку билим берүү системасын да камтыйт.

Кыргызстанда кыргыз-орус кызматташтыгы ар кандай форматтарды жана багыттарды камтыйт. Кыргыз-Орус Славян Университети (КОСУ) башында турган, Россиянын ЖОЖдорунун филиалдары, алмаштырып окутуу программалары, техникалык университеттердин орус-кыргыз консорциумунун алкагындагы биргелешкен кош дипломдуу бакалавр жана магистр программалары, КМШ өлкөлөрүнүн жана ШКУнун тармактык университеттеринин, жергиликтүү университеттердин демилгелери, илимий кызматташтык долбоорлору жана Кыргызстанда орус тилин үйрөнүүгө жана окутууга колдоо көрсөтүү боюнча долбоорлор ишке ашырылууда.Кыргызстан менен Россиянын университеттеринин жамаатынын катышуусунда билим берүү долбоорлорун ишке ашырган эки өлкөнүн өкмөттүк эмес уюмдары маанилүү ролду ойношот. Ошондой эле, диссертанттын кыргыз-орус кызматташтыгын тереңдетүү үчүн жогорку билим берүү жаатындагы кыргыз-орус мамилелери чоң потенциалболуп калууда деген пикирине толугу менен кошулам. Мындан сырткары, эксперттик көз караш менен караганда, мындай кызматташтык, жок дегенде орто мөөнөттүү пландаштыруунун, Кыргызстандын билим берүү тармагынын артыкчылыктуу муктаждыктарын эске алуу менен түзүлгөн "жол картасынын"негизинде жүзөгө ашырылышы керек дээр элем.

Ошондуктан, эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын бул жаңы тарыхый шарттагы өз ара байланышын, кызматташтыгын, интеграцияланышын изилдөө актуалдуу маселе болуп эсептелинет.

Диссертациялык изилдөөнүн **актуалдуулугу далилдүү жана негиздүү.**

Диссертациянын темасы ири илимий багыттар, программалар жана негизги илимий иштер менен байланышпайт. Аталган диссертациялык иш тарыхый өңүттө изилденген **демилгелүү** диссертациялык иш болуп саналат.

## 2. Диссертацияга коюлган талаптардын чектериндеги иштин илимий жыйынтыктары.

Диссертациялык иште бир катар жаңы, илимий-практикалык, тарыхнаамалык жыйынтыктар келтирилген. Ал жетишкендиктер кыргыз тарыхнаамасына белгилүү деңгээлде салым кошуп, кыргыз тарых илиминин өнүгүшүнө да алгылыктуу таасир тийгизе алат деп ойлойбуз.

1. Диссертациялык эмгектин автору иликтөөө алгантема боюнча көптөгөн адабияттаргатарыхнаамалык анализ жүргүзгөн. Диссертациянын түзүмүндө бул маселе өзүнчө, биринчи бапта берилген. Баптын биринчи параграфы Кыргызстандагы, экинчи параграфы Россия Федерациясындагы теманын тарыхнаамасына арналган. Диссертацияга талапкердин кыргыз окумуштууларынын арасында Кыргызстан менен Россиянын ЖОЖдорунун ортосундагы кызматташтык жөнүндө өзүнчө атайын илимий изилдөө жок жана өнөктөш Россияда илимий макалалардын саны да аз деген пикирине толук кошулса болот.

2. Изилдөөнүн булагы абдан кенен жана укуктук-ченемдик документтерди (мыйзамдар, программалар, концепциялар), архивдик, мезгилдик архивдик (университеттик) материалдарды, ведомстволук жана университеттик отчетторду, расмий жолугушуулардын материалдарын, статистикалык жана массалык маалымат каражаттарынын пресс-материалдарын камтыйт. Аларга илимий мүнөздөмөлөр экинчи баптын биринчи параграфында берилген.

3. ЖОЖдордун кызматташтыгынын мазмунун талдоо, эмгектин үчүнчү жана төртүнчү баптарында жазылган. Үчүнчү баптын I-параграфында өлкөлөрдүн техникалык ЖОЖдорунун, экинчи параграфы социалдык-гуманитардык профилдеги ЖОЖдордун, байланышын, кызматташтыгын чагылдырган.

4. Төртүнчү бап эки параграфка бөлүнгөн. Биринчи параграфында, изилдөөнүн өзөгүн түзгөн кыргыз-орус кызматташтыгынын негизги долбоору - Кыргыз-орус славян университети каралган.

Экинчи параграф Кыргызстан менен Россиянын университеттеринин ортосундагы кызматташтыктын көйгөйлөрүн жана келечегин талдоого арналган. Автордун Кыргызстандын ЖОЖдорунун демилгелери азыраак, ал тургай пассивдүүлүктү көрсөтөт деген автордун илимий тыянагына толугу менен кошулам.

5. Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясында жана Россия Федерациясынын Кыргыз Республикасында 2020-жыл кайчылаш жыл деп жарыяланышы мындан ары саясий, маданий, гуманитардык чөйрөлөрдө, анын ичинде ЖОЖдордун кызматташтыгында эки тараптуу мамилелерди бекемдөөгө жаңы этабынтүзөрү бышык.

**3. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли.**

Диссертациялык изилдөөнүн тыянактары, корутундулары негиздүү жана ынанымдуу экендигинен күмөн саноого болбойт, себеби теманы изилдөөдө мурда илимий айлампага киргизилген жана али киргизиле элек тарыхый булактарды жана илимий адабияттарды колдонуу менен талдоо жүргүзүлүп, системалаштырылган.

Г.К. Алыкулованын диссертациялык изилдөөлөрүнүн алкагындагы Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын ортосундагы 1991-2011-жылдар аралыгындагы кызматташтык тажрыйбасын изилдегени,кубаттоого жана мактоого татыктуу.

Диссертацияда негизги жоболор менен тыянактар колдонулган булактардагы, XX кылымдын экинчи жарымы– XXI кылымдын башындагы изилдөөчүлөрдүн эмгектериндеги, мезгилдүү басма сөздөгү жана интернет-сайттардагы материалдардын негизинде түзүлгөн.

АлардыатайынокуукурстарындаярдоодожанауниверситеттердинжанаБилимберүүжанаилимминистрлигипрактикалык материал катары колдонсо болот дегенине кошулам. Жана ошондой эле, диссертанты ушул багыттагы илимийиштерди мындан ары улантууну сунуштайм.Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайлар аралык кызматташтыгынын учурдагы этабы, анын ичинде техникалык университеттердин кыргыз-орусия консорциуму, илимий кызматташтыктын өнүгүшү, ЕАЭБ алкагындагы евразиялык интеграциянын контексттери (мисалы, Өнөр жай кызматташтыгын өнүктүрүүнүн жана ЕАЭБдин жалпы эмгек рыногун түзүүнүн кызыкчылыктары же Евразиялык технологиялык платформалардын долбоору) кызыгууну жаратат.

**4. Диссертациянын жыйынтыктарынын ички биримдигин баалоо.**

Алыкулова Гүлбү Корошовнанын «Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы (1991-2011-жж.)»аттуу диссертациялык иши Кыргызстан менен Россиянын инженердик –техникалык жана социалдык – гуманитардык жогорку окуу жайларынынын кызматташтыгынын жана эки мамлекеттин кызматташтыгынын интеграцияланышынын көрсөткүчү болгон КОСУнун тарыхы, кызматташтыктагы айрым проблемалар жана келечеги кеңири илимий материалдардын негизинде комплекстүү изилденген тарыхый-салыштырмалуу анализ жүргүзгөн эмгек болуп эсептелет.

Диссертант тарабынан иликтөөгө алынган проблемалар логикалык ички бүтүндүккө ээ. Иштин мазмунун ачып берүүдө бир катар жаңы илимий тыянактар жана жоболор чыгарылган,ар бир параграфта алынган жыйынтыктарөз ара байланыштуу, бири-бирин толуктаган бир бүтүмдүктү түзүп турат. Ошондой эле иштин корутундусу менен практикалык сунуштары илимий жыйынтыктарга жана жоболорго таянып негизделген. Негизги маселелерди кароодо ички биримдик жана хронологиялык ырааттуулук сакталган.

5. **Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдыруунун толуктугу, анын жыйынтыктарынын жана корутундусунун автордун тема боюнча жарыялаган эмгектеринде тастыкталышы.**

Диссертациянын негизги жоболору жана корутундулары автордун 15 макаласында жана бир монографиялык эмгегинде чагылдырылган. Алардын ичинен он эки макала жергиликтүү үч макала чет мамлекеттик басмаларда жарыкка чыккан. Диссертантка, кесиптештериме мындай эл аралык маанидеги темаларды чет элдик басылмаларда, апробациядан өткөрүүнү сунуштаар элем. Анткени, жогорку билим берүү чөйосүндөгү эл аралык кызматташуу, Россия менен Борбордук Азия КМШ өлкөлөрүнүн кызматташтыгы темаларына чындап кызыккандар арбын.

6. **Автореферттын диссертациянын мазмунupa туура келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине. маани-маңызына дал келет. Ошентсе да кыргыз жана орус тилиндеги авторефераттардын котормосу кээ бир корректировкалоого муктаждык байкалат. Мисалы; изилдөөнүн максаты - “интеграциялык процесстерди түзүүдө жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууда жаңы саясий жана экономикалык шарттарда Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын ортосундагы кызматташтыктын негизги багыттарын системалык талдоо” деген сөздү пайдалануу анчалык туура эмес. Кантсе да, изилдөөнүн максаты – процесс эмес, натыйжа, жыйынтык эмеспи.

Иштин натыйжасы жана жыйынтыктары бар - мисалы, жогорку билим берүү жаатындагы кыргыз-орус кызматташтыгын изилдөөнүң алкагындагы өзгөчөлүктөрү жана натыйжалуулук даражасы, же жогорку окуу жайлар аралык кыргыз-орус кызматташтыктын өткөн мезгилин талдоонун негизинде практикалык рекомендацияларын айтууга болот. Автор ушул илимий жыйынтыктардын натыйжасында өтө тактык менен изилдөөнүн милдеттерин туура белгилеген.

Кыргыз жана орус тилиндеги авторефераттар талапка жооп берет. Автореферат кыргыз, орус, англис тилинде окшош, бири-бирине шайкеш диссертанттын резюмелери менен жабдылган.

**7. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

Алыкулова Гүлбү Корошовнанын диссертациялык иши жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен катар эле айрым бир мүчүлүштүктөр да кездешет.

1. Изилденген проблема боюнча Россиянын окумуштууларынын эмгектерине көбүрөөк анализ берүү зарыл.

Мисалы, Россия менен Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ортосундагы билим берүү кызматташтыгын изилдеген жана ушул маселе боюнча алар Россиянын Илим жана жогорку билим берүү министрлиги үчүн "таяныч жогорку окуу жайы" болуп саналган Томск Мамлекеттик Университетиндеги (ТМУ) кесиптештерине көңүлүн бургум келет. Тактап айтканда, ТМУнун Дүйнөлүк саясат кафедрасынын башчысы С.М. Юндун 2016-жылы "Россиянын жана Кыргызстандын ЖОЖдорунун ортосундагы тармактык билим берүү программаларын өнүктүрүүнүн факторлору" деген темада макала жарыялаган (Томск мамлекеттик университетинин Жарчысы, 2016, №411). Томск кесиптештеринин ЕАЭБ мейкиндигиндеги жогорку билимге байланыштуу дагы башка эмгектери бар.

2. Кыргыз жана орус тилиндеги авторефераттардын котормосуна кээ бир корректировкалоону жасоого туура келет.

3. Диссертациялык иште бир катар техникалык мүчүлүштүктөргө жол берилген. Аларды ирээтке келтирүү сунушталат.

Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн мүчүлүштүктөр, диссертациянын маани-маңызына, анын илимий баалуулугуна терс таасирин тийгизбейт. Алыкулова Гүлбү Корошовнанын «Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы (1991-2011-жж.)» деген темадагы диссертациялык

иши автордун чоң жетишкендиктеринен болуп анын архивдик, статистикалык материалдарынын негизинде Кыргызстан менен Россиянын ЖОЖдорунун кызматташтыгын мыкты ачып бере алгандыгында. Албетте, диссертацияда кемчиликтер да жок эмес. Бирок, бул кемчиликтер техникалык гана мүнөздө болгондуктан аларды оңдоо жеңил. Жалпысынан диссертация жакшы деңгээлде жазылган жана коргоого сунушталат.

**8. Кыргыз Республикасынын окумуштуулук даража ыйгаруу жөнүндө Жобосундагы талаптарга диссертациянын жооп бериши**

Алыкулова Гүлбү Корошовнанын кандидаттык диссертациянын кол жазмасы талаптарга толук жооп берген көз карандысыз илимий изилдөө деген тыянак чыгарууга болот. Автордун бул эмгеги Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайлар арасындагы кызматташтыгын изилдөөгө кошкон салымы. Ошондуктан, Алыкулова Гүлбү Корошовнанын 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын ыйгарууга толук татыктуу.

**Оппонент тарых илимдеринин кандидаты, профессор А.Э. Жоробекова.**